**ФИЗИКА 11 КЛАСС**

**ОКУТУУ КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ ЖҮРГҮЗҮЛГӨН МЕКТЕПТЕР ҮЧҮН** **ВАРИАНТ 4**

**Тест тапшырмалардын жалпы саны – 10**
**1-бөлүм/Тест тапшырмалардын саны - 8**

*Бул бөлүм* ***4 жооптун ичинен 1 гана туура жоопту*** *белгилей турган тест тапшырмалардан турат. Ар бир тапшырмага жооптун 4 варианты берилет. Алардын ичинен бир гана жооп туура. Сиз тандаган жоопту тегеректеп белгилеңиз.*

**№ 1.** Толкун узундугу λ болсо, фотондун энергиясы эмнеге барабар?
а) $h\cdot c/\lambda$ б) $h\nu$ в) $\nu\lambda$ г) $h\nu/\lambda$

**№ 2.** β – нурдануусунда Менделеевдин мезгилдүү системасындагы элемент ... жылат.
а) 2 клеткага оңго б) бир клеткага оңго
в) бир клеткага солго г) 2 клеткага солго

**№ 3.** Атомдордун ядросу өтө бекемби?
а) Бекем эмес, себеби алардын ортосунда электростатикалык түртүшүү күчтөрү аракет этет.
б) Бекем, себеби электрондук оболочка менен кармалып турат.
в) Бекем, себеби алардын ортосунда гравитациялык тартышуу күчтөрү аракет этет.
г) Бекем, себеби алар ядролук күчтөр менен тартылышып турушат.

**№ 4.** Бордун II чи постулатын көрсөткүлө:
а) Дүүлүкпөгөн атом, фотонду нурдантат.
б) Бардык заттардын атомдору белгилүү стационардык абалдарда болушу мүмкүн.
в) Атомдор үзгүлтүксүз спектрди нурдантат.
г) Баардык заттардын атомдору бир энергетикалык абалдан экинчиге өткөндө энергияны кванттар менен нурданат же жутат.

**№ 5.** Төмөнкү касиеттердин кайсылары лазерге таандык:
1) Когеренттик нурлануу болуп эсептелет
2) Призманы өткөндөн кийин спектрге ажырайт
3) Көп бурчка жайылбаган тик багытталган нурлануу
4) Аз аралыкка гана тарайт
5. Нурлануу кубаттуулугу эң чоң.
а) 1, 3, 5 б) 4, 5 в) 2, 3 г) 1, 2

**№ 6.** Калийден электрондордун чыгуу жумушу 2 эВ болсо, анда калий үчүн фотоэффекттин кызыл чеги канчага барабар болот?
а) $5\cdot10^{15}$ м б) $6{,}5\cdot10^{5}$ м
в) $6{,}2\cdot10^{-7}$ м г) $0{,}6\cdot10^{-7}$ м

**№ 7.** Эгерде телого $9\cdot10^{14}$ Дж кошумча энергия берилсе, анын массасы канчага көбөйөт?
а) на 0,01 кг б) на 0,1 кг
в) на 0,05 кг г) на 0,0001 кг

**№ 8.** Суутек атомунун иондоштуруу потенциалы 13,5 В барабар. Суутек атомунун иондошуусу үчүн электрон кандай ылдамдыкка ээ болушу керек?
а) $2{,}0\cdot10^{6}$ м/с б) $2{,}2\cdot10^{8}$ м/с
в) $2{,}3\cdot10^{9}$ м/с г) $2{,}2\cdot10^{6}$ м/с

**2, 3-бөлүмдөрдө тест тапшырмалар жок.**

**4-бөлүм/Тест тапшырмалардын саны -2**

*Бул бөлүм* ***кыска жооптуу*** *тапшырмалардан турат. Жообу – 0 дон 9999га чейинки бүтүн сан. Жоопту атайын берилген чакмактарга (бир чакмакка бир гана сан) жазыңыз. Эгерде жоопто бөлчөк сан чыкса, анда бүтүнгө чейин тегеректегиле.*

**№4.1.** Висьмуттун атом номери 83, массалык саны 209 болсо, анын ядросунда канча нейтрон бар?

**Чыгаруу:**

Жообу: | | | | |

**№4.2.** Радиоактивдүү кобальттын жарым ажыроо мезгили 72 суткага барабар. 8 г радиоактивдүү кобальттын канчасы 216 сутканын ичинде ажырап бүтөт? Жообун грамм менен бергиле.

**Чыгаруу:**

Жообу: | | | | |

**ТЕСТТИН АЯГЫ**

**Баалоо критерийи:**
**1. №1-№ 8 -** тапшырмалардын туура жообуна, ар бири үчүн – 1 балл берилет.
**2. №4.1, №4.2 -** тапшырмалардын туура жообуна, ар бири үчүн – 2 балл берилет. Жалпы -12 балл.
**3. Таблица** боюнча баллдарды “баага” айландырабыз:

| **Баа** | "2" | "3" | "4" | "5" |
|---|---|---|---|---|
| **Жооптор баал менен** | 0-4 баал | 5-7 баал | 8-9 баал | 10-12 баал |